**ФИЗИКА** **10 КЛАСС**

**ОКУТУУ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН** **ВАРИАНТ 3**

**Тест тапшырмалардын жалпы саны – 10**
**1-бөлүм/Тест тапшырмалардын саны - 8**

*Бул бөлүм **4 жооптун ичинен 1 гана туура жоопту** белгилей турган тест тапшырмалардан турат. Ар бир тапшырмага жооптун 4 варианты берилет. Алардын ичинен бир гана жооп туура. Сиз тандаган жоопту тегеректеп белгилеңиз.*

**№ 1.** Заряддалган өткөргүчтүн энергиясын аныктоочу туура формулаларды тапкыла.

1. $\frac{\varepsilon_0\varepsilon\ SU^2}{2d}$ 2. $\frac{\varepsilon_0\varepsilon\ E^2Sd}{2}$

3. $\frac{SdU^2}{2\varepsilon_0\varepsilon}$ 4. $\frac{SdE^2}{2\varepsilon_0\varepsilon}$ 5. $\frac{\sigma^2Sd}{2\varepsilon_0\varepsilon}$

а) 1,2,5 б) 1,2,3 в) 2,3,4 г) 3,4,5

**№ 2.** Эгерде жалпак конденсатордун пластиналарынын аянтын жана пластиналарынын ортосундагы аралыкты 2 эсеге чоңойтсок, анда конденсатордун сыйымдуулугу кандай өзгөрөт?
а) өзгөрбөйт б) 2 эсе азаят
в) 4 эсе чоңоет г) 2 эсе чоңоет

**№ 3.** Чыңалуусу туруктуу R каршылыктагы өткөргүчтүн каршылыгын 10 Ом дон 20 Омго чейин көбөйтсө, анын кубаттуулугу канча эсе өзгөрөт?
а) 4 эсе азаят б) 4 эсе көбөйөт
в) 2 эсе азаят г) өзгөрбөйт

**№ 4.** Өткөргүчтөрдү жарыш туташтырууда бардык өткөргүчтөрдөгү …бирдей.
а) I·U көбөйтүндүсү б) I/U катышы
в) чыңалуу U г) ток күчү I

**№ 5.** Квадратын чокуларында бирдей белгидеги жана бирдей чоңдуктагы заряддар жайгашкан. Эгерде квадраттын жактарын 2 эсеге кичирейтсек, анда системанын потенциалдык энергиясы кандай өзгөрөт?
а) 4 эсе чоңоет б) 2 эсе азаят
в) 2 эсе чоңоет г) 4 эсе азаят

**№ 6.** Эгерде амперметр (сүрөттү кара) 2 А көрсөтсө, анда $R_1$= 6 Ом жана $R_2$=2 Ом, жана $R_3$ каршылыктарындагы токтун күчүн тапкыла.




а) 0,5; 1,5; 2 б) 0,5; 1; 2
в) 1; 2; 4 г) 1; 1,5; 2

**№ 7.** Жалпак аба конденсаторунун пластиналарынын ортосундагы потенциалдардын айырмасы 200 В го барабар. Пластиналардын аянты 0,02 м$^2$. Пластиналардын ортосундагы аралык 5 мм. Эгерде пластиналардын аянтын 2 эсеге чоңойтсок, анда конденсатордун энергиясы канчага өзгөрөт? Жообун нДж менен бергиле.
а) 17,7 б) 1,77 в) 0,17 г) 177

**№ 8.** Сүрөттө өткөргүчтөр кандай туташтырылган ? $R_1$,$R_2$ ,$R_3$ өткөргүчтөрүн бири бирине туташтыруучу өткөргүчтөрдүн каршылыгын эсепке албагыла.
а) $R_1$,$R_2$,$R_3$ жарыш
б) $R_1$,$R_2$ удаалаш, $R_3$ жарыш $R_1$,$R_2$
в) $R_2$ , $R_3$ удаалаш , $R_1$ жарыш $R_2$ ,$R_3$
г) $R_1$,$R_2$ ,$R_3$ удаалаш




**2, 3-бөлүмдөрдө тест тапшырмалар жок.**
**4-бөлүм/Тест тапшырмалардын саны -2**

*Бул бөлүм **кыска жооптуу** тапшырмалардан турат. Жообу – 0 дон 9999га чейинки бүтүн сан. Жоопту атайын берилген чакмактарга (бир чакмакка бир гана сан) жазыңыз. Эгерде жоопто бөлчөк сан чыкса, анда бүтүнгө чейин тегеректегиле.*

**№4.1.** Жалпак аба конденсатору чыңалуусу 100 В жеткиче заряддалгандан кийин ал чыңалуунун булагынан ажыратылат. Эгерде пластиналардын ортосундагы аралыкты 2 эсеге чоңойтсок, анда конденсатордогу чыңалуу канчага өзгөрөт?
**Чыгаруу:**

Жообу:

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**№ 4.2.** Суутек атомунун ядросунун айланасында электрон тегерек орбита боюнча айланат. Бул орбитанын радиусу 63 пм деп алып электрондун сызыктуу ылдамдыгын тапкыла. Жообун Мм/с менен бергиле.
**Чыгаруу:**

Жообу:

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**ТЕСТТИН АЯГЫ**

**Баалоо критерийи:**
**1. №1-№ 8 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 1 балл берилет;
**2. №4.1, №4.2 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 2 балл берилет. Жалпы -12 балл.
**3. Таблица** боюнча баллдарды "баага" айландырабыз:

| **Баа** | "2" | "3" | "4" | "5" |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптор баал менен** | 0-4 баал | 5-7 баал | 8-9 баал | 10-12 баал |